**Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн диссертациясына оппоненттик**

**пикир**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учурдагы билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн башкы багыты өз милдет вазийпаларын тыкан аткара алган, өз тагдырына өзү жоопкер инсандарды тарбиялоо болуп эсептелет. Буга байланыштуу билим берүүнүн өзү бул инсандын өз өмүрүнүн агымы, активдүү аракети аркылуу жашоо үчүн зарыл жана жетиштүү билимдерди жана жүрүм-турумдарды, көндүмдөрдү өздөштүрүү процесси катары аңдалууда. Ушундан улам башталгыч класстардан баштап эле түздөн түз үйрөтүүгө караганда кыйыр үйрөтүү, өз алдынча үйрөнүү, үйрөнүүгө үйрөнүү стратегиялары актуалдашууда. Көрүнүп тургандай, үйрөнүүгө үйрөнүү процесси инсанды өз алдынча ой жүгүртүүгө, башкача айтканда акыл парасатын толук колдоно билүүгө шыктандыруу. окуучунун жаңыча ойлонууга жетишүү, маселе чече билүү жөндөмүнүн өсүшү, кубулуштун себеп-натыйжасын аныктай билиши ой жүгүртүү ыкмаларын үйрөнүү аркылуу гана ишке ашат. Тилекке каршы бүгүн башталгыч класстары боюнча предметтик окуу программаларында жана окуу китептеринде окуучуларды өз алдынча ишмердүүлүккө үйрөтүүгө багытталган тапшырма таризиндеги материалдар толук бойдон илимий жактан негиздүү долбоорлонгон деп айтууга болбойт. Көпчүлүк мугалимдердин календердык пландарындагы өз алдынча тапшырмалар бир типтүү. Окуучулардын өз алдынча билим алуу, өзүн өзү өнүктүрүү мотивдери жана тажрыйбалары тайыз. Ошентип азыр билимди өз алдынча изденип алуучу эмес, тек гана башкалардын айтканын ылгабай этпей, сынчыл акыл сыдыргысынан өткөрбөй, эсинде бекем сактап, тоту куштай кайталап айтып берип, репродуктивдүү ишмердүүлүк менен гана алек болуп жаткан окуучулардын саны арбын. Бул жагдай реалдуу турмуш талаптарына карама каршы келет жана абалдан чыгуунун жолдорун табуу

зарылдыгын жаратат. Ошону менен бирдикте бүгүнкү илимий билимдер корунда башталгыч класс окуучуларынын өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча атайылап жазылган эмгектер жокко эсе.

Ошондуктан Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары)» аттуу кандидаттык диссертациясынын актуалдуулугу эч кандай шек жаратпайт.

Ошентип адабияттар анализи кыргыз педагогикасында мектеп практикасынын мындай өзөктүү муктаждыктарын канаатандыруучу рационалдуу билимдер толук иштелип чыга элек экендигин көрсөтүп олтурат.

Изилдөөгө кириШип жатып диссертант башталгыч класстардын окутуу процессинде балдардын өз алдынча ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө байланыштуу карама-каршылыктар тыкыр талдоого алынган.

**Иштин максаты** катары окутуу процессинде башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү маселелери каралган. Коюлган максат обьект, предмет жана диссертациянын структурасы менен адекваттуу.

**2. Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

**1-натыйжа.** Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча педагогикалык адабияттарды анализдөөнүн негизинде «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсү» түшүнүгүнүн мазмуну такталган;

**2-натыйжа.** Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары аныкталган;

**3-натыйжа.** Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун

педагогикалык шарттарын ишке ашыруу методикасын иштелип чыгып эксперимент аркылуу текшерилген.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

**1-натыйжа.** «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсү» түшүнүгү көптөгөн адабияттардагы түрдүү өңүттөгү көз караштарды талдоонун негизинде конкреттештирилген.

**2-натыйжа**. Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары педагогикалык процесстеги ишмердүүлүгүнүн көптөгөн типтүү кубулуштарын салыштырып, типтештирип талдоо жана корутундулоо аркылуу айкындалган.

**3-натыйжа.** Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерүүнүн негизинде методикалык сунуштар иштелип чыккан. Экспериментке жетиштүү сандагы окуучулар тартылып, анда кызыктуу маалыматтар келтирилген, контролдук жана эксперименталдык класстардын жетишүүсүнүн салыштырмалуу динамикалары таблицалар менен берилген.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа. Жаңы** катары кароого болот. Башталгыч класстардын өз алдынча окуу ишмердүүлүгүнүн Кыргызстандын мектептеринин таалим-тарбия мейкиндигине таандык маани маңызы алгачкы жолу изилденип такталган.

**2-натыйжа. Жаңы.** Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун

педагогикалык шарттары алгач ирет изилденген.

**3-натыйжа. Жаңы**. Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча тажрыйбалар жаңы педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерүүнүн негизинде иштелип чыккан методикалык сунуштар автордун изилдөөчүлүк табылгасына таандык.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар мугалимдерге башталгыч класс окуучуларынын өз алдынча ишмердүүлүгүн илимий негизде уюштурууга көмөкчү боло алат. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы излдөөлөрдүн катарына кирет.

Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

**6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 11 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**7. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**8. Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

1. Башталгыч класс окуучусу окуу процессинин субьекти катары бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын таанымдык кызыкчылыктары жогорку класстын окуучуларына салыштырмалуу жогору. Окуу иши балдардын кызыгуусун дайыма жогорку деңгээлде кармап, өзүнө болгон ишенимин арттырып кубаныч тартуулап тургандай таризде уюштурулушу абзел. Окуу ишиндеги кандайдыр бир тапшырманы көп жолу аткара албай калган окуучу өзүнө карата ишенимин, үмүтүн жоготуп баарына кол шилтеп апатияга кабылышы ыктымал. Ошондуктан бул курактагы окуучулар менен иштеген мугалим алардын ар бирин көз кырынан чыгарбай өзгөчө педагогикалык баамчылдыгын, көрөгөчтүгүн көрөтүшү шарт. Ошону менен бирдикте алар убактысын рационалдуу пайдалана алышпайт. Балдарга күндүк окуу ишин кандайча бөлүштүрүп пландаштырууга жакындан жардамчылар ата –энелер болуулары керек. Балдардын өз алдынча ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү мугалимдер жана ата энелер фактору өзүнчө анализге алынса изилдөөнүн сапаттык жагы жогоруламак.

2. Диссертация жана авторефератта педагогикалык шарттарды илимий жактан негиздөөдө кандай методологиялык принцип, концепция жана методдордун негизинде кантип аныкталгандыгы жеткиликтүү ачыкталбай калган. Бул жагдай изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүнө доо

кетирбей койбойт.

3. Диссертацияда окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы тажрыйба эксперименттик иштер “Математика”, “Кыргыз тили” “Мекен таануу” окуу предметтеринин алкагында каралган. Бирок, бул предметтердин алкагында окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн класстан класска карай өнүгүү таризиндеги талаптар дидактикалык жактан негизделип алардын үлгүлөрү өз алдынча брошюра же диссертацияга тиркеме катары берилсе жумуштун илимий практикалык баалуулугу кыйла артмак.

Арийне аталган кемчиликтер диссертациянын сапатын төмөндөтөт, бирок анын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» деген аталыштагы кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Шамырканова Надира Бейшенбековна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот. Орточо баллдардын суммасы 4,8 балл.

**Расмий оппонент:**

**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин**

**профессору, педагогика илиминин**

**доктору** **Алимбеков А.**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**